КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АКНАЗАРОВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
КЕНЕШ

# Т О К Т О М

2023-жылдын 12-декабры № 5 Кызыл-Октябрь айылы

## С.Исмаиловдун кайрылуусу жөнүндө

Акназаров айылдык аймактык кеңешинин 32-чакырылыштагы депутаттарынын 2023-жылдын 12-декабрындагы кезексиз 17-сессиясы Акназаров айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси С.Исмаиловдун кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Кызыл-Жар каналынан Өзгөрүш айылынын коллектордук каналына чейинки жалпы узундугу 5453 метр болгон жерге жаңы латок салууга жана эски латокторду оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүүгө макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын мыйзамдаштырып берүү жагы айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси С.Исмаиловго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы И.Жакшымбетовго жүктөлсүн.

4. Бул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төраганын орун басары** **Н.Умбеталиева**